КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жылдын “ 23 ” июль № 18

Сокулук айыл аймагында алкоголдук продукцияларды чекене сатууга кошумча чектөөлөрдү (аралыкты) белгилөө туралуу

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 8-августундагы № 168 «Этил спиртин өндүрүүгө, импорттоого, сактоого жана сатып өткөрүүгө мамлекеттик монополия жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзамынын 14-беренесинин 3-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» Кодексинин тиешелүү беренелерине, ошондой эле Сокулук айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 18-июнундагы корутундусуна ылайык, Сокулук айыл аймагындагы калктын, өзгөчө өспүрүмдөрдүн саламаттыгын сактоо, коомдук тартипти бекемдөө жана балдардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Сокулук айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Сокулук айыл аймагындагы балдардын, билим берүү уюмдарынын мектептер, бала бакчалар жана медициналык мекемелердин имараттарынын чек арасынан тартып алкоголдук продукцияларды чекене сатуучу соода чекиттерине чейинки аралыктын радиусу 300 (үч жүз) метрден кем эмес деп белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» Кодексинин талаптарына ылайык:
   - 83-беренеси («Электрондук сигареталарды пайдаланууга жана сатууга тыюу салуу жөнүндө талаптарды бузуу»);
   - 85-беренеси («Тамеки заттарын сатуу жана жүгүртүү тартибин бузуу»);
   - 282-беренеси («Спиртти жана алкоголдук ичимдиктерди өндүрүү жана сатуу тартибин бузуу») боюнча мыйзам бузуучуларга тиешелүү айып пулдар салынсын жана көзөмөл күчөтүлсүн.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Кабыл алынган чектөөлөрдүн аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөтүнө жана Сокулук райондук ички иштер органдарына сунушталсын.

Төрага **Жумалиев Н.Н**